**С.Мырзакматов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин**

**2021-2022 окуу жылындагы 2-11-класстарынын кыргыз тили жана орус тили дептерлеринин абалы тууралуу маалымат.**

Мектепте 2-11-класстар арасында жалпысынан 9 класс комплектиси бар. Башталгыч класстын окуучуларынын кыргыз тили № 1, № 2 жана жат жазуу, дилбаян жазуу дептерлери толугу менен бар. 5-классынын окуучуларынын дептерлеринин абалы жакшы. Бардык окуучулар сулуу жана катасыз жазганга аракет кылышат. Кыргыз тили мугалими Каныбек кызы Ырыс тарабынан убагында текшерилип, каталары бар болсо, эскертүүлөр берилип турат. Өзгөчө Жумабекова Сумая, Нурлуков Эржан, Асанбеков Кутмандын кол жазмалары сулуу жана ката кетирбей жазгандары көрүнүп турат.

11-класста 8 окуучу окуйт. Бардыгынын дептерлери бар. Бул класста эки окуучунун дептери начар болуп чыкты. Ал Дуулатбек уулу Каныбек жана Солтонбек уулу Ислан. Аталган окуучулар жазууда каталарды көп кетирет, кол жазмалары да начар. Калган окуучулардын дептерлери бир калыпта таза, тыкан.

8-класста 20 окуучу окуйт. Бардыгынын дептерлери толук, жалпы абалы жакшы. Окуучулардын кол жазмалары сулуу. Өзгөчө Бакталбекова, Жумабекова, Омуркулованын дептерлери эң жакшы экени көрүнүп турат. Предметтик мугалим Айталиева Мээрим дептерлерин дайыма өз убагында текшерип, эскертүүлөрдү берип турат.
9-класста 17 окуучу окуйт. Көпчүлүк окуучулардын дептерлери таза тыкан, кол жазмалары жакшы. Жазууда каталарды көп кетиришпейт. Каталарды көп кетирген окуучулар Урулбеков, Аскарбеков, Азамат уулу. Предметтик мугалим Каныбек кызы Ырыс окуучулар менен тыгыз иш алып барганы көрүнүп турат.

Орус тили дептерлеринин абалы

2-11-класстарда орус тили дептерлери текшерилди. Ар бир класстан дептерлери начар деп эсептелинген жогоруда аты аталган окуучулардын бул предметтен деле ошондой абалы байкалды. Бирок, кыргыз тили предметине караганда орус тилинен каталарды көп кетиришет. Ар бир окуучунун №1, №2 дептерлери бар. Предметтик мугалимдер, Собурова Жумагуль, Ботобаева Асель бардык окуучулардын дептерлерин текшерип, кетирген каталарына эскертүүлөр берилип, ар бир класстыкы өзүнчө тизмек коюлган.

3-класс төмөнкү окуучулардын дептерлери начар абалда Аземкулова, Шаршенбеков

4-класс Абдымомунов, Муратбекова, Сабыркожоева

7-класс Аскаров, Тураров, Аскарбеков

6-класс Авсатбеков, Омуркулов,

Гуманитардык усулдук бирикменин жетекчиси Айталиева М.Ж.